Скырг
А 13

*Амангелди* АБДЫВАПОВ

# АТА МУРАСЫ



Формуляр книги
486726
Абдывапов А
...расы

об
С кырг
А 13

Амангелди Абдывапов

Улуу жеңиштин
70 жылдыгына
арналды



# Ата мурасы

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 486726

Ош 2015

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

**УДК 84 Ки 7-4**
**ББК 84 Ки**
**М-13**

Амангелди Абдывапов

М-13 **Ата мурасы .** Ош: 2015 56 бет.

ISBN 9967-423-61-7

А 4702300100-04

ISBN 9967-423-61-7

УДК 84 Ки 7-4

ББК 84 Ки

© Абдывапов А., 2015-ж

## АБДЫВАП МАТКАСЫМ УУЛУ

1907-жылы Ош облусунун, Кара-Суу районуна караштуу Жоош айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Абдыбап Маткасым уулунун үй-бүлөсү диний чөйрө болгондуктан, ал алты-жети жашынан баштап, абасы Ысак каарыдан араб тилин өздөштүрүүнү үйрөнгөн.

Абдыбап Маткасым уулу Совет мамлекетинин жылдарында араб арифин билгендиктен алгачкылардан болуп сабатын жойгон. Ошонун натыйжасында 1931-жылдан 1934-жылдарга чейин Жоош айылдык кеңешине караган «Мамажан», «Маданият» колхоздорунда бухгалтер болуп иштеген .

1934-жылы Фрунзе (Бишкек) шаарына барып эки жылдык КРУ же ревизорлорду даярдоо курсун артыкчылык диплом менен бүтүрүп келген. Алгачкы жолу Кара-Суу шаарындагы райондо башкы инспектор болуп иштеп, андан кийин кайрадан окууга жөнөтүлгөн. 1939-жылы окууну аяктап контролер-ревизор адистигине ээ болгон. 1939-40-жылдарга чейин Алай, Гүлчө райондорунда ревизордук көзөмөлдөө тобунун башчысы, андан соң Баткен, Ноокат райондорунда финансы бөлүмүнүн башчысы 1941-жылдын аягына чейин Ош облустук элдик көзөмөлдөө бөлүмүндө төраганын орун басары кызматында иштеген.

1942-жылдан Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, алгач Рыбин, Москва шаарларын коргоого катышып, төрт айлык чалгынчыларды даярдоо окуу жайында окуган. Көп өтпей Авиациялык чалгындоо штабында катчылык кызматка өткөн.

1945-жылга чейин Польшада акырында Берлинде иштеп 1945-жылдын аягында Ата Журтуна жеңиш менен кайткан.Абдыбап Маткасым уулуна чалгындоо бөлүмүндө мамлекеттик сырды бекем сактап, адилет кызмат кылгандыгы үчүн, генерал Жуковдун жана согуш Кеңешинин штабынын башчысы генерал-лейтенант Телегин тарабынан «Ардак Грамата» жана алып жүрүү үчүн тапанчага уруксат берилген. Ошондой эле «Берлинди алгандыгы үчүн» «Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары менен сыйланган.Абдыбап Маткасымуулу 1946-жылдан «Маданият» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп 1953-жылга чейин үзүрлүү иштеген. Ал ошол кезде Кара-Суу райондук партиялык комитетинин кеңешчиси болгон. Ошол учурдагы жаңы өсүп келе жаткан кадрлар Алибай Сатибаев, Аван Райимбердиев, Сыдык Жолдошев, Касым Юсупов, Төлөн Кулбаев

сыяктуу жергиликтүү кадрларды чарбалык жана партиялык кызматка көтөрүлүүдө райкомго өзүнүн сунушун киргизген. Анын көрсөткөн кадрлары адилет тандалгандыктан, алар өмүр бою чарбалык жана партиялык кызматтарда райондук жана областтык деңгээлде татыктуу иштеп өтүштү.

Абдыбап Маткасым уулу 1954-жылдан баштап 1960-жылга чейин Жоош Айылдык Кеңешке караштуу «Мамажан» колхозунун бухгалтери жана баш бухгалтердик кызматтарында иштеген.

1960-жылдан баштап өзүнүн туулуп өскөн айылы Мамажанга байланыш бөлүмүн ачууга далалаттанып, 1961-жылы анын мээнети текке кетпей айылга почта бөлүмү ачылып, ага өзү башчы болуп дайындалып өмүрүнүн аягына чейин башкача айтканда 1970-жылга чейин Мамажан айылынын байланыш бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Абдыбап Маткасым уулу түрдүү улуттар менен достук мамиледе болгон. Ошон үчүн ал көптөгөн улуттар менен карым-катнашта болгон. Көп жыл Кара-Суу районунун Аскер комиссариятынын башчысы В.И. Зиненко менен дос болгон. Ошондой эле Согуштан мурун бирге окуган мезгилде Кыргызстандын өкмөт башчысы кийин соода министри болуп өткөн Абды Сүйөркулов менен дос болгон. Ал Абдыбап Маткасым уулун такшалган убагында ресбупликалык деңгээлдеги финансист катары баалаган.

Абдыбап Маткасым уулу айкөл, боорукер, ата-энеге, тууган-уругуна, эл-жерине берилген инсан болгон. Ал аркандай адилетсиз иштерге тике туруп, кошоматчыларды, элдин акысын жеген башчыларды жек көргөн. Өзүнө дайындалган кайсы кызмат болбосун,жоопкерчилик менен иштеп, ишин так аткарып элдин алдында жүзү жарык болуп келген. Ал европанын маданиятын өзүнө сиңирип, жакшы жактарын үйрөнүп алган. Араб, латын алфабитинде жазып, орус тилин өтө терең өздөштүргөн. Ал адабиятка, музыкага жана шыктуу болгон, комуз күүлөрүн чертип, согуш мезгилинде жана согуштан кийинки учурларда поэзия түрмөктөрүн жазган. Ал негизинен ислам динин бекем кармап, кудайга ыйман келтирген, өмүрүнүн аягына чейин Алла Тааланын парздарын так аткарган чынчыл, таза адамгерчиликтүү инсан болгон.



## ЧЕТ ЭЛДЕН, ТУУЛГАН ЭЛГЕ КАТ

***«Кыйкырып ырдап жиберсем***
***Кымбаттуу элим укпайсың»***

Туулган жерим, Жоош Арык
Кары чал-кемпир, жаш калып
Жиберген жерге мен барып
Буйруктуу жумуш аткарып,
Туулуп өскөн жериме
«Жоош» аттуу элиме
Жанада келсем айланып,
Толгон «айдай» жүз жарык
Оорубай анда жат колдон
Өлүп кетсем бул бойдон
Калгандарым ыйлашар
Арманым айтып көп арып.

Аттандым Оштон сапарга
Табакал кылып бул жанга
Ажал жетип күн бүтсө
Келбей турган катарга
Чекке барып мен туруп
Душман келсе атарга
Тагдыр буйруп топурак
Келбей анда жатарга.
Узун кылса өмүрдү
Кайтып келип үйүмө
Көргөн билген баарысын
Эли-журтка айтарга.

Жөнөдүм Оштон мен жолго
Тогузунчу май күнү
Повестка берди он, колго
Түштүмбү деп мен торго
Жамандык ойду ойлонуп
Поездге чыктым мен зорго.

Кайгырбай сабыр кылайын
Кайраттап белим бувайын
Душманга каршы барбайын
Кайгыртпай эми ишти ондо.

Көрүнду көзгө эки жол
Мен сапарга чыкканда.
Бири барса келер жол
Бири барса келбес жол
Келер жолду бергин деп,
Алыс жолго кеттим деп,
Тилек тилеп ар качан
Жакамда болду эки кол.

Кара-Суу, Коргон-Төбөдөн
Кайрылып поезд жөнөгөн
Казасы жеткен үйдө өлгөн
Калк кылса эми бендеге
Кагышып нечен майданда
Кайтып келип күн көргөн

Күрүч-Мазар, Анжиян
Күндүзү поезд тез барган
Далай эле кыйындык
Көрөсүнбү «Азиз жан»
Өлүп кетсем бул бойдон
Ичимде калат көп арман
Турмуштун курсун бүтүрүп
Келейин андан мен аман .

Жаңы алган аскердин
Баш-аягы топтолдук
Карчаковго барып токтолдук
Тизме менен жоктолдук
Составы чогуу эшалондун
Алыска барат окшодук.



Белгиледи алыска
Москвага барышка
Бул күндөн чыгып майданга
Душманга ат салышка
Дүйнөдө туруш-турбастык
Тагдырым чечип алышка
Ажал жетип, өлбөсөм
Айланып жерди таанышка.
Бир суткада өткөрдү
Кокон менен Ташкенден
Токтобой поезд басканда
Жазылган болсо маңдайга
Кутулбайсың качкандан
Кырк жыл кыргын болсо да
Бейажал «чымын» өлбөйт деп
Үмүт кылам бул жандан.
Кутулар дагы бекенбиз
Бул өндүү кайгы армандан.

Бурулду поезд Арыстан
Буркурап түгүнү алыстан
Эшалон келет эми деп
Барары менен таанышкан
Эсен-аман мен кайтсам,
Дүйнөлүк апаат согуштан.
Сактаса экен жараткан
Жер кучактап калыштан.

Таң ата бардык «Түркстан»
Тарибин уктум алыстан
Тилек тилеп ар качан
Эсен бол деп «Азиз жан»
Эсен кылсам майдандан
Менде болбос эч арман.

Өттүк «Кызыл-Ордодон»
Өлтүрүп кое тургандай

Өпкүлөп ыйлап көп адам
Өбөктөп кетти зоргодон.
Жазылбаса маңдайга,
«Зыгырдай» иш болбогон.
Өзгөчө тилек тилеймин
Куткаргын деп бул жолдон.

Чкалов менен Ак-Төбө
Нечен күндөр поездде.
Келдик эми биз коно
Кумарбаздар айткандай
Жанды кылып биз соно,
Ай «Азиз жан» кор болбо
Таяндым эми өзүңө
Тагдырым ишти сен ондо
Куйбышев менен Уралдан
Көп күнү жүрдүк биз жолдон
Өткөрдү бизди «Азия»
Европага аз колдон
Европа суук жер экен
Жай күнүндө суу тоңгон
Эсен-аман кайтаргын
Акыры бир күн бул жолдон.

Келдим бүгүн борборго
Жол башчыбыз зорлорго,
Буйрук күтүп турабыз
Жиберген жакка жолдорго.
Утурлап бизди аларга
Коюлган киши жол-жолго,
Командага карата
Бизди бөлдү оң-солго.
Тавакал кылып тагдырга
Дайыма ишим ондоого.

Буйрук берди лагерге
Илим-билим аларга



Согуштук билим үйрөнүп
Душманга каршы барарга
Аралашсак душманга
Ыңгайлап «найза» саярга
Ардактуу милдет аскердик,
Ярославдык лагерде.
Жайы-кышы дебестен
Кара жерди таптадык.
Кече-күндүз дебестен
Тынчып жерде жатпадык
Бербесе буйрук командир
Бекерден мылтык атпадык,
Өкмөттүк согуштук
«Сырды» айтпаска ант алдык.
Үйрөнүп мылтык атышты,
Жарак кармап жатышты,
Боорум менен жер тилип
Өзүмдү жерге жер кылып,
Көрүнбөй «ок»ташышты
Үчтөн, төрттөн бир болуп,
Катарлап анда басышты.

Автомат, мылтык атышты,
Алыс жерде жүргөндө
Ар түрдүү ойду мен ойлоп,
Эли-журтту сагындым.
Сагынган менен айла жок
Тагдырга анан багындым.
Согуштук билим алышка
Ар качан сергек камындым.

Постко койду сактадык,
«Сыр» жашырдык айтпадык,
Басып келсе ал душман
Постту таштап качпадык.
Бечара эми бул жанды
Безилдеттик какшаттык,

Катышты бул согушка
Нечен жолдош максаттык

Кыштадык шаары «Рыбинда»
Кыштын суук ызгаарында,
Өзүмдө жок ыктыяр
Аскердиктин сынында.
Мындай согуш болбогон
Илгери-мурун кылымда,
Үмүт кылам ар качан
Жеткирсе деп тилекке,
«Пияланын гүлүндөй»
Жазылган болсо мандайга,
Кырсаң жуусаң кетпеген
Көрөсүң аны чынында.
Дарыяда сүздүм кайыкты
Европада мен көрдүм,
Өздөрүн ак деп санашкан
Өттөн өткөн сарыкты.
Бул согушка катышып,
Колу-буттан ажырап,
Тиштегидей арыкты
Болбогон дейт илгери,
эми бул согуш
Адамзатты тарыхты.

Өткөн элең балалык
Кылган ишиң чалалык
Кой деп койсо ар алып,
Бенде болуп жаралдык
Жер, шаарга таралдык,
Мындай кыйын күндөргө
Туура келип жаралдык,
Бул душманга өчөшүп
Кан ордуна - кан алдык.

Арам, алал жеп жүрөм
Күн өтсө шүгүр деп жүрөм,



Бир күнү капа болуп мен болуп
Кээ күнү курсант мен күлөм.
Ушундай экен дүнүйөң
Көңүлүмө мен түйөм.
Үмүткө койдум чачымды,
Алда неме ойлонуп,
Ооруттум далай башымды.
Кутулсам деп мен аман
Токтотуп эми бул жерден,
Буюрса экен дүнүйө
Туулган жерден ашымды.

Көп күндөр өттү арадан,
Азиз жанды ар качан
Айлантып өлүм караган,
Сүрөтү мага келбеди
Же жакшылап кабар бербеди,
Баткенбайдай баладан.
Узун кылып өмүрүн,
Куткарар дагы бекенсиң,
Кошумча кайгы санадан.

Өткөндү кылат көбү арман,
Кыйын менен раатка
Тез көнөсүң «Азиз жан»
«Азиз жанды» шум кылган,
Токтукта топурак даамдантан,
Каймак даам beresин,
Ачтыкта жеген « кара нан».

Айдап жүрдүм арстанды,
Алыс жерден качканды.
Майданга аны жиберсе,
Моюн толгоп басканды.
Жеткирип жүрдүм арстанды
Жиберген жерден качканды.
Өкмөттүк согуштук,
Малы-мүлктү сатканды.

Арада жүрүп билдирбей,
Өзүбүздү атканды.
Өкмөттүк согушгук
Сырды дайым айтканды.
Өзгөртүп ал ар качан
Өзүн малга сатканды.

Корксоң жүрөк жарылбайт.
Сүйүнсөң маңдай айрылбайт.
Азиз жан тордон чыккан сон,
Кайтарып таңга салынбайт
Тең-туш менен сүйлөшпөй
Зериккен кумар жазылбайт.
Жаман, жакшы күндөрдө
Көрсөтпөсөң өзүндү
Эр жигит – башын, таанылбайт.
Ырыскысы болбосо
Пендеси алыс баралбайт.
Аракет өзүң кылбасаң
Кас душманың чабылбайт.

Өткөн күн кайта келбейсиң,
Жазылбасаң маңдайга.
Тилеген менен бербейсиң,
Жөө-жалаң бассаң алыска.
Ысып, бадан тердейсиң,
Жакындап ар күн сен өлүм
Жатсам, турсам чендейсиң.
Тез кайтсам деп мен үйгө,
Жүгүрүк көңүл дегдейсиң,
Кетиш келбейт колуңдан
Өзүңдү билбей мен дейсиң,
Сабыр эми кылбасаң,
Кыйындык күндү жеңбейсиң,
Чачылбаса ырыскың,
Алыс жерден тербейсиң.

Жакшы сөз жанды семиртет,
Жаман сөз жанды секиртет.
Эмгек кылбай жегениң,
Акыры бир күн кекиртет.
Акырындап күн өтсө
Өмүрүңдү ал бертет.
Кулак салам дүйнөгө
Дүйнөң кандай «күү» чертет.

Жанда жок жолдош тууганданъ
Жамандык келсе башыңа,
Жашыгып ыйлап жүргүчө,
Жакшысы деги жок экен
Капа болбой ар качан,
Кайраттан белди бууганда.
Тавакал кылып өзүңө
Туура моюн сунгандан
Жазылган болсо маңдайга.
Күтүлбөйт моюн бургандан,
Ар кадамда ажалың
Кан, жыттанган сурланган,
Асмандан учкан «кызыл ок»
Үн чыгарып дууланган,
Кимге кылып жакшылык
Тооруган кимди шум жалган.

Салса башка чара жок,
Сактаса теги балее жок,
Ажал өчү болбосо
Алыстан келип тийбейт ок.
Эсен барар бекенбиз
Дүйнөлүк согуш бул токтоп
Мен дагы жүрөр бекенмин
Тынчып, үйдө элге окшоп.

Сактасын ок тешкенден,
Ал кетип, анда жыгылып,

Жолдоштор кийим чечкенден.
Калып калсаң талаада
Жете албай эки арада,
Душман башка тепкенден.
Майып болуп кол, бутуң
Жаратын, доктор кескенден.
Кыйналгандан эр жигит
Кыймат жандан кечкенден.

Алты болсоң атадан,
Бир жалгыздык башында.
Тилек тилейм ар качан
Куткарса деп балаадан,
Кыйындык менен жалаадан
Ичи толо кападан,
Акыр убакты болгондо,
Кызмат кылып алдында
«Дубасын» алсам Атадан.

Кан акпай майдан болбойсуң
Кимди тилесиң, өлүмүң
Кары, жашты карабай
Орокчудай солдойсуң
Катуу суук болбосо
Аккан суулар тоңбойсуң.
Асмандан учкан «Ак шумкар»,
Канатың жайбай конбойсуң,
Тагдырың болсо
Эр жигит
Майданды карап жолдойсуң.

Ажал өчү болбосо
Адамга тийбей жондойсуң
Ачылса менин «таалайым»
Акыры ишим оңдойсуң.

Дайрадай болуп кан аккан,
Азиз жан, кетип ар жерде,



Тоголонуп эл жаткан.
Асмандан түшкөн бомбалар
Аң кылып жерди таштаган.
Эбегейсиз көп баткан
Эсепсиз анда көп адам.
Колу, буту ок тийип,
Азапты анда көп тарткан.

Гүлдөгөн Кыргызстаным,
Күсөтүп мени кыстадың.
Алыс жерде жүргөндө
Асты эсимден чыкпадың.

Колхозум аты Мамажан,
Ынтымак элим бир тууган.
Ак алтынды өстүрүп,
Ар жылы түшүм көп алган.
Арттырган үчүн түшүмдү
Көрсөтмөгө көп барган.

Ардактуу кыргыз балдары
Душманга барып ат салган,
Эсен-аман болгула
Көргөнүм ашык бул жандан.
Жаңы «канал» казышкан
Аркырап анда суу аккан,
Араңыздан сиздерден
Стахановча иш иштеп
Эки, үч норма аткарган
Октябрь берген жеңишти
Ойлобо капа кейишти
Жыргаганың, жыргаган.
Райаким «Кара-Суу»
Маданият жыргалдуу,
Колхозубуз миллионер
Колхозчубуз оокаттуу,
Бир тилекте иш иштейт
Колдорунда «кызыл туу»,

Душманды биз женгенче
Эсен-аман биз мындан
Жеңиш менен келгенче,
Капа болбой баарынар
Кайраттанып белиң буу.

Женилбейбиз жеңебиз,
Өлбөсөк бир күн келербиз.
Өлкөбүз үчүн ар качан
«Азиз жанды» бериңиз.

Урулбайсыз-урабыз,
Өлкөбүз үчүн эл үчүн
Чекке барып турабыз,
Англичан, Американ
Баарыбыз эми бир болуп,
Гитлерден болгон ал топтун,
Тамырынан суурабыз.
Ал топту анан жок кылып,
Дүйнөнүн баарына
Тынчтык доорун курабыз.

Согуш болду «Варшавда»
Жамгырдай жаап «кызыл ок»
Чоло жок жер басканга
Баатырбыз дечү «немецтер»
Таппады жер качканга,
Калтырап колун көтөрүп
«Гитлерге» болсун «капут» деп
Келбеди каршы атканда
Акылың жетпейт карасаң.
Көк шинелдүү фристин
Өлүп анда жатканда.

Акырын күчүн жыйнашып,
Атака кылса фашистер
Сокку бердик жылбадык.
Кыйындыкка ар качан



Азиз жанды аябай
Мүрүдөн –мүрүү көтөрүп,
Советтик болгон көп улут
Достукту дагы чыңдадык.
Тарыхта «немец» жеңбеген
Орус эли ар качан
Сокку берген немецке
Өзүнүн жерин бербеген.
Ата Мекендик согушта
Гитлердик болгон Армия
Сокку алып «Кызыл Аскерден»,
«Чилдей тозуп тартипсиз
Жаздын күнү» түлкүдөй
Каңгырап анда сен денең.

Аябайбыз биз жанды,
Өлкөбүз үчүн, эл үчүн
Советтик тендик жер үчүн
Чээнинен биз таап
Жок кылабыз бир жолу
Жарадар болгон айбанды.
Буйрук берет маршал Сталин
Кызыл аскер тартиптүү
Сүргүнүндө аткарат
Ал буйруктун бардыгын
Келечекте жакында
Кызыл тууну илебиз.
Өлүгүн тепсеп душмандын
Берлиндей шаарга киребиз.

Соккуга мындай чыдабай
Үзүлдү душман курчоосу.
Гилерди, Италия, Фин досу,
Арам санаа фашисттер
Биздин иш дайым туурап иш
Бизге болду бул жеңиш.
Сүйүнүп жүрөк токтобойт
Жеңиш «ырын» кошомун.



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 486726

Согуш бүгүн токтоду,
Эми тынчтык доорун тосомун.
Күн батышта «өрттөнгөн»,
Күн чыгышта түтөгөн
Согушта дайым жардырчу
Фашисттер эми очогун,
Жок кылдык эми бир жолу.

Маскара болуп бул күнү
Душман бизге жыгылды,
Жер шаарынын баарына
Радио-приемник аркылуу
Кызыл аскер жеңди деп,
Кубанычкабар угулду.
Нечен жылдар боюнча
Фашистердин колунда
Эзилип жатчуу көп элдер
Эзүүдөн бул күн кутулду.

Душман бизден урулду.
Тамырынан суурулду.
Согуш токтоп бул күндөн
Тынчтык доору курулду.
Душман бизден жеңилди
Соккуга азыр чыдабай
Аргасыздан ал жерде
Жарагын таштап өздөрү,
Генерал, солдат дебестен
Теңдикке берилде.

Бузулду Гитлер планы,
Европанын баарына
Жаңы тартип жүргүзчү
Таза кандуу урааны.

Укук, үчүн эл үчүн
Совет теңдик жер үчүн,
Көп улуттан куралган
Кызыл аскер көрсөттү.



Каардуу душман баарына
Куралдуу күчтүү көп күчүн.

Кара булут сүрүлүп,
Көрүндү көзгө бул күнү
Жарыктык, теңдик сулуулук,
Азатка чыкты көп элдер
Фашистер бизден урулуп,
Түбөлүккө калышты
Адашкан «иттей» улушуп.

Геббелес, Гимлер улушуп.
Советтик теңдик торуна.
Биздин иштин актыгы
Душмандын иши калптыгы,
Кан төгүлгөн майданга
Кайтадан дагы билинди.

*16.02. 45-жыл, Лодзи шаары*

## ТУРМУШТУК САНАТТАР

Турмуш күндүн күрөшсүн
Барга көптөй, жокто аздай үлөштүн,
Максат, мансап, мал, мүлк үчүн
Бирин бирине айкаштырып бүлөштүн.
Жалган жашык сөз сүйлөтүп
Жаман жанга жан аябай сүрөштүн.

Турмуш бирдей талашсын,
Жакшы турмуш сен үчүн,
Бири бирин сүзүшөрдөй,
Кыйшык карап мараштын.
Жалган сөзгө көп жүрсөн,
Туура жолдон адаштың.

Арып, чарып аргасыздан
Ара жолдо түнөйсүң.
Кээде сен кыштын күнкү
Жел тийбеген күнөсүң.

Же жаздын күнү арык тайдай
Таштап такан, түлөшсүң.

Жакшылап жазып жуубасан,
Ак болбойт сенин жууганың.
Бекем тартып байласаң
Үзүлөт белиң, бууганың
Жардамың, пайдаң тийбесе
Жат болот бир тууганың.

Келерди болбойт болжолун,
Тилеймин акыл ондошуң.
Илинсең «азап» торуна
Же кадалса «ок» бооруна,
Кээ бир жаным бир деп жүрчү
Жаныңа келбейт жолдошуң.
Өлгөндүн кылат зыйнаттын,
Кызматтың кетсе колуңдан,
Артыңдан кылат кыйпатың.
Дөөлөтүң кетип эр жигит
Кыйындык келсе башыңа
Бир тыйын турбайт кымбатың.

Ишенип жүрбө андайга
Жолдош бол, бакты, таалайга,
Жакшылык болсун жазылган
Илгери-мурун маңдайга.
Аракет кыл, эмгек кыл
Бекер жүрбө, далдайба.

Жатып жанбаш талбайсың
Жазылбай алыс барбайсың.
Жамандык келсе башыңа
Көрөсүң аны танбайсың.
Чындап эмгек кылбасаң.
Күнөөдөн кайта жанбайсың
Кыйындык менен жыргалга
Үйрөнгөн сен маңдайсың.

Эмгек кылбай акылы аз тентексиң,
Абийир берген каармандык эмгексиң
Элге кылсаң пайдалуу көп эмгекти
Акырындап бакты, дөөлөт келмексиң.
Кадыр кылып калкың жүрсө артыңдан
Кандай болсун кас душманың жеңмексиң.
Турмушта ким болбосун агасын, өзгөрөсүң
Тагдырың буйруса кайда деп тез жөнөйсүң
Турмушта айланып түрдүүнү сен көрөсүң
Келсе убакыт сөзүңдү сен айта албай көп бөлөсүң.
Энтендетип, темтеңдетип эсиң билбей,
Кээ бирөөнү «мас» кылбастан жүргүзбөйсүң
Капа кылып, кайгы салып
Кээ бир күнү кубандырып, күлдүрбөйсүң
Үй-бүлөөдөй ажыратып алыс жерге
Эркелетип жаш балдарын сүйдүрбөйсүң.

Кызмат кылам элиме,
күчтүү кыл билегимди,
Жакшылык айыктырган
жараланган жүрөгүмдү
Тайсалдатпа арабадан чыккан
аттай кылып
Эмгек кылам суранамын
мага бергин тилегимди
Сактагын өмүрлөрүн узун кылып
Ини-бала артымдагы тирегимди.

Жүрөм деп кыйындыкка капаланбай
кайраттангын,
Жок пайдасы ашыкча дөөлөт, малдын.
Ким билет көп жүрдүң деп
«таңды таштап»
Кетериң коштошуп
денеден чыгып азиз жандын.
Көтөрүп, оор жүктү бут тайдырып
Чалынтасың

Жыгылтып ылай жерге шөмтүрөтүп
малынтасың.
Жардам сурап «тааныштарга
жалдыратып жалынтасың»
сени сүйчү дос, душманды таанытасың.

Ой-санаа жаш жигитти карытасың,
Жеткизбей ой-санаага таарынтасың.
Алыс жолго такасы жок минген аттай
Төрт бутунан аксатып арытасың.

Капалык алат бүрүңдү
Капа болбой жакшы жүр.
Талашып, тартып алалбайт
Сага белгилеп берген күнүңдү.
Капыстан тийген суук жел
Тамагыңды оорутуп,
кырылдатат үнүңдү.
Дөөлөтүң сенин эр жигит
Сактаса экен муунуңду.

Өткөндө эр жигиттер сатылгансың,
Укуксуз жапайы жандуулардай
атылгансың.
Мойнуңдан малдай кылып жипке байлап,
Каардуу бийик «дарга» асылгансың.
Көрүнүп көзүңө «ажал сүрү»
Жаныңды берүүгө ашыгып
шашылгансың.

Салынып колу-бутка темир кишен
чалынгансың.
Зарланып кайгы муңдун дайрасына
малынгансың.
Кайгылуу караңгы ным,
зынданга салынгансың
Эрксиз ал зынданга жатууга
багынгансың.



Өлбөсөң эчен жылдар жаткан соң
Кайрадан ал зындандан түбөлүк
алынгансың.
Тең укуктун жоктугун сен сезгенсиң
Суусуз чөл, таштуу тоо-адырларды
сен кезгенсиң,
Аргасыз көтөрүп оор жүк, чоң таштарды
Жаштыктагы жыргалдуу доорду
сен эзгенсиң.
Жаралып дүйнөгө келгениңе
арман кылып
Душманыңа өчөшүп
турмуштан сен безгенсиң.
Терең ой, канжар,
салып көкүрөктү тешесиң
Көрсөтүп турмуштун түрлөрүн,
майдалап жүрөгүмдү кесесиң,
Үйрөнүп билим, өнөр кылсаң эмгек
Дүйнөдө турмуштун сырларын чечесиң.
Каардуу катуу күндү башка салса
Аргасыз улуу сууну токтоосуз кечесиң.
Баатыр эрлер өлкөсү үчүн жан бермекке.
Алгыр куштай аңдып турат кызыл чекте.
Өткөрбөйт душмандарың
кандай шартта аңдып келсе
Эр жигитти эли сынайт
майданда же эмгекте.
Эрдигиңди эл сынабай
жүрөгүңдү дегдетпе,

Эр жигиттик кандай шартта
камырбай жеңмекте.
Ажыратып алыс жерге жаздың буйрук
Кеттиң, сен убактыңча
өз бетиңче жүрчү укук,

Келсең деп көп тилеймин эрте-кечте
Кайтып кел жаркыраган сен боштондук.

Тагдырды ойдогудай ондоп болбойт,
Кымбатсың баардыгынан
адамга тең укуктук.
Кубандым, толкундандым.
элге берген Амнисти мен да угуп.
Жүрөм эсен болсом
боштондукка менда чыгып.
Жүрөгүмдөн жалындуу
алкыш айтам өкмөткө
Түбөлүккө жашасын деп көңүл буруп,
Жүрөктө сакталат
бизге кылган камкордугуң
Кайтарам буга жооп,
өндүрүштө эмгек кылып.
***1952-жыл октябрь айлары июнь айлары 1953-жыл.***

**АБАМ ЫСАК КААРЫГА**

Алланын беш парзын аткаргансың
Атаа кылып Меккеге да баргансың.
Эрте-кечте тынбай окуп,
«Куранды» көңүлгө жат алгансың.
Молдо, Каары, Ажы – деп Меккеда да,
Барган элде баркталгансың,
Ата Журтуң ызат кылып
Ат көтөргүс даңк алгансың.

Куран окуп булбулдай сайрайсың
Ак жолдо түбөлүккө сен баскансың.
Тагдырдын катаалына ноюбастан
Таат-ибадат кылыштан талбагансың
Пенде болуп жаралгандан көз жумганча
Ак дилден өмүр бою жанбагансың.


Көтөрдү абийириңди Жараткан да,
Атаа кылып жашыңдан болдуң аалым.
Кызмат өтөп көптөгөн шакирттерин
Алыштгы өзүңдөн билим-таалим.
Мага да үйрөттүң адеп-билим
Кайгыдан көзүмдө жаш, көңүл жарым.

Бир гана Молдо каары эмес,
Курани карим, хадисти бирдей билген.
Сендей инсан кайта келбес
Кайрадан үмүт менен көп тилеймин,
Кудайым бул тилекти кайра бербес.
Кадырың, наамың турат эч кебелбес
Калтырдың атагыңды артыңда
Жылдыздан өчпөс, болоттой желбес.

Молдосуң, каарысың мураттапсың,
Жаркыраган жаннаттин таңы атарсың,
Жатка айткан Каламилланын урматына
Кайгылуу тозоктун да
эшиги да жабыларсың,
Бейиштин төрүндө урмат-сыйда
Түбөлүк ызат менен сен жатарсың.

***20.11. 53-жыл***

# Ата мурасын улап
# Ырлар



**Ата өлмөк байыртадан калган мурас,**
**Аны билдим кадырлуу карыялардан сурап.**
**Алдымда тоодой тоскоол турса дагы,**
**Алдыга барамын атакемин жолун улап.**



### ЭНЕМЕ

Энем кымбат өмүрлөрдүн багынан,
Өтө бийик бакытымдын теңдеши.
Күндөн жылуу мээримдүүлүк жагынан
Кимдер экен энеге тең чендеги.

Бала үчүн бүт сарптап жашыңды,
Бала үчүн эч теңдешсиз жаралдың.
Өмүр өтүп ак аралайт чачыңды
Эмгегиң зор кандай актайт каралдың.
***20.03. 1969-жыл.***

### ЭСКЕРЕМ БАЛАЛЫКТЫ

Алоолонуп коломтодо оттор күйөт,
Апакем токтой калып кулак түрөт.
Угулуп аттуу адам дүбүрттөрү
Безилдеп кыйлагаче иттер үрөт.

Муңайым күйгөн оттон көзүн албай
«Кечикти» деп, апам калат улутунуп.
Ошондо эстей калам кеткендигин
Сапарга кыйла болгон атакемдин.

Апакем жомогун кайра улантып,
Жомоктун сыйкыр күчү мени тартып,
Кызыгына келгенде чарт үзүлдү
Атакем киргендей эшик ачып.

Борошого кычырап алсыз эшик,
Жүрөгүмдү курулай үмүт эзип,
Сапарынан кайтпаган атакемди
Балалыктай турамын мен эскерип.
*16.10. 1972-жыл*

## ОЙ ТОЛГОО

Тагдыр экен кээ бир үйгө кире калсаң муңайуулар,
Жүрөк жанчып сезимимди кыйнап чыгам.
Кээ бир үйдө үлпөт тоюу маанай жарык
Шарап ичип, шапар тээп жыргап чыгам.

Кыш, борошо учурган ызгаар суук,
Каламын тагдырымдын мен суутуна.
Койо бербей намысымды мен талашам
Түшпөйүн деп көрөалбастын торуна.

Нурлардай ыраактарга чачыраган
Ойлорум тынчтык бербей таң аттыргам
Адамдык нарк насилди сакташ үчүн
Качамын кара ойлуу жан бактыдан.

*19.09. 1971-жыл*

## ЫРЫМ КАЛАТ

Күндөр өтүп жылдар менен алмашар,
Жашоо бүтпөйт улантышат урпактар.
Сүйүү дагы сулуулукта жаштыкта
Кетет бизден кубанычтар кайгылар.

Күндөр өтүп жылдар менен алмашар,
Көп ырларым жүрөктөрдө сакталар.
Сүйүү берип, бакыт берип жаштарга
Сезимдерде алоолонуп жагылар.

Күндөр өтүп, жылдар менен алмашар,
Бул турмуштун кышы да бар жазы бар.
Мезгил жетип өмүр күнүм бүтсө да,
Ата Журтум сага арнаган ырым бар.

*12.12. 1977-жыл*



## БУЛ ТУРМУШТА

Бул турмута дили ак адам үчүн,
Керек десе өмүрүмдү сарп кылам.
Кара торун жайып турган наадандын
Көөдөнүнө канжар болуп сайылам.

Бул турмушта күтүлбөгөн иштер бүтүп,
Куттукташып достор келет шагырап.
Кубанычтан көтөрүлүп чөйчөктөр,
Ак тилектер мактоолор да айтылат.

Бул турмушта ушак сөзгө алданып,
Достор мени күнөөлөшүп басынтты.
Ишенимдин кеткенине кайгырып
Бир түндө эле буурул басты чачымды.

Бул турмушта тагдырларга баш ийип,
Кутула албай уу тилинен аялдын.
Башым мыкчып олтурамын үңкүйүп,
Бүтөй албай кемчилдигин үй жайдын.

Бул турмушта ойноп-күлөм кайгырам
Башкалардай кээде калам жаңылып,
Бирок дале бир ой мени эзгилейт
Калбасам дейм ыйманымдан айрылып.

*5.10.1981-жыл*

## КҮКҮМ НАН

Ачкалыктан кары-жашы бала өлгөн,
Көрүп айттым «Блокада» фильминен.
Карегимден ачуу жашым тамчылап,
Өксүп-өксүп ыйлай бердим дилимден.

Бүгүн болсо дүкөн толо ак нандар,
Төгүп-чачып жей беришет жаш балдар.
Ачарчылык мезгилдерин эскерип
Шүгүрчүлүк келтиришет карылар.

Алтын күздө кырман толо кызыл дан,
Алар биздин жашообузду уланткан.
Нан бар жерде музыкалар ойнолуп
Үлпөт той да, сүйүүлөр да жаралган.

Нан бар болсо бийик чыгат каткырык,
Нан бар үчүн бардык жерде шатчылык.
Кереметтүү ушул биздин замана
Кайда барсаң ак досторкон жайылыш.

Майдандарда жоокердин каны аккан,
Бир жыл бою дыйкандардан тер тамган.
Бизге ыйык абайлайлы сактайлы
Тепсендиде калбасынчы күкүм нан.

*20.10.1981-жыл*

## УУЛУМА

Тынчтыктын бешигинде термелесиң,
Өсүп өнгөн Ата-Журттун эркесисиң.
Аман-соо торолуп эр жеткенде
Ата уулу бол, менин эмес сен элимдин.

Мен жетпеген бийиктикке жолдор салгын,
Мен жазбаган ырларды сен жазарсың.
Намызын Кыргыз элдин бекем сактап
Элиң үчүн өмүрүңдү бүт арнагын.

Мен окуп бүтпөй калган романды,
Окуп кой убагында өмүр жарды.
Уланткын мен бүтпөгөн повесттерди
Тоготпой турмуштагы ызгаарларды.

Жүрөгүң сенин таза наристесиң,
Дүкөндөн жаңы алган апакай көйнөгүңдөй.
Бирок сен азыр мага табышмаксың
Жообун туура айтып бүткөндөй.

*12.08. 1981-жыл*



## САКТАГЫЛА ТЫНЧТЫКТЫ

Кургай элек энелердин көз жашы.
Күбө болот аталардын ак чачы.
Элдеримдин жүрөгүнөн кете элек
Өткөн согуш салып кеткен тактары.

Жер силкинип жарылбасын бомбалар,
Бүркөлбөсүн дайым ачык ак таңдар
Ууланбасын ок-дарынын жытына
Улан-кыздар жолугушчу гүл бактар.

Кечээ эле тээ батыш жак от алган,
Өчүрүүгө эр азамат атганган.
Ата Журтту ыйык тутуп коргошуп,
Жыйырма миллион кымбат өмүр кыйылган.

Согуш болсо өрткө айланат жер шаары,
Ойрон болот адамзаттын бүт баары.
Ошондуктан дүйнө эли биригип
Абайлайлы, тынчтыкты бек сактайлы.

*15.09.1983-жыл*

## БЕЛГИСИЗ ЖООКЕРЛЕРГЕ

Жыттабады жаңы ачылган гүлдөрдү,
Өткөрбөдү махабаттуу түндөрдү.
Окопт ордо төшүн тосуп душманга
Мекен үчүн сарп кылышты өмүрдү.

Биздерге окшоп, тандап кийим кийбеди,
Бүгүнкүдөй түрлүү даам ичпеди.
Ураан менен жоого каршы бет алып
Ок жаңылып ал кайра келбеди.

Үлпөт тойдо көтөрбөдү ак кесе,
Шарап ичип, жүрүшпөдү шарактап.
Жалтанбады айыгышкан күрөштө
Жаш жүрөктөн кан акса да тамчылап.

Ата Журттун тузун аппак актады.
Ташка айланып калса да түнөгү.
Башты ийип таазим кылат адамзат
Оту өчпөгөн шамга айланды жүрөгү.
*8.05. 1984-жыл*

## САБЫ КЫСКА БЕЛ КҮРӨК

Фронтовик баратты бей капар,
Көзгө урунду сабы кыска бел күрөк.
Кумду казып үй-курушат жаш балдар
Күйүп сезим катуу сокту карт жүрөк.

Ал эстеди эчен окоп казганын,
Фашисттерге ок жаадырып атканын.
Бомба түшүп снаряддар жарылып,
Канча жоокер мунжу болуп кайтканын.

Автоматтын күнү-түнү асынган,
Жерди казып жааган октон жашынган.
Көөдөнүнөн өч алууга ант берип,
Көп жолдошун жер астына жашырган.

Сабы кыска мага тааныш бел күрөк,
Жоокерлерге курал болбо кайтадан
Менин жалгыз жүрөктөгү тилегим
«Наристелер үй курушкан оюнчукка айлансаң»
- Деди дагы фронтовик жөнөдү
Балдар болсо үй курушат кайрадан...
*29,08, 1984-жыл*

## КЕСИЛГЕН КАРТ ДАРАК

Кан жолдо өсүп турчу карт дарак,
Ким билет калганын канча жашап
Айрыкча жаз-жай мезгил келген кезде
Ал кайрадан жашарып жашылданат.

Мүмкүн ал кылымдык тарыхты ичке каткан,
Башынан өткөндүр каргашалуу далай заман.
Ыр болуп, же күүгө келип чертилгенде
Бар беле ичинде армандуу бүтпөс дастан

Айрыкча жай мезгилде ошол дарак,
Бутактары көрктөнүп жашылданат.
Жаңы үйгө көчүп келген адамдардай
Түркүм куштар учуп келип уя салат.

Базардай бака-шака чурулдашат,
Тирүүчилик кадимкидей өтүп жатат.
Турмуштун эң кызыгы ошол экен
Бала төрөп чоңойтом деп аны багат.

Билинбей күндөр өтүп кышта келет,
Коштошууга дарак менен мезгил жетет.
Эмне кылат тагдыры ошол парандаңын
Коштошуп кетеалбастан сыздай берет.

Кести экен ал даракты кайсы акмак,
Кан жолдо аянычтуу сулап жатат.
Бомба түшүп кыйраган шаарга окшоп
Майдаланып бутактары сынып жатат.

Айланчыктап чырылдашат парандалар,
Көрсөң аны жаш кылгырып жан кейиген.
Адамзаттын башына салбаса экен
Айрылган канаттуудай Мекенинен
*25.12. 1984-жыл*

## АРДАГЕР МУГАЛИМГЕ

Коңгуроолор кагылганда заматта,
Кээде шаңдуу, кээде чөгүп көңүлдөр.
Бүтпөй калган эң кызыктуу сабактай
Көз ирмемде өтөт тура өмүрлөр
Түн күзөтүп каректерди мокотуп,
Жаштык жылдар окуучуга сарпталып.
Билим берип адамдыкка үндөйм деп
Калат тура чачты болсо ак басып.
Күз маалында бышып турган мөмөнүн,
Ширесиндей тарбиялап ар жактуу
Эмгектенип өтүп өмүр картайып
«Эже- агай» - деген ысым алуу ардактуу.
*20.10. 1988-жыл*

## ЭЖЕКЕГЕ

*(Инабат жеңемин элүү жашка чыккандагы жазылган ыр)*

Күндөр өтүп, жылдар менен алмашты,
Балдар менен жүрүп өмүр картайды.
Өзүңүздөн тамга таанып далайлар
Турмушунан ордун тапты канчасы.

Кетти көбү илим-билип алыска,
Көпчүлүгү эмгектенет айылда.
Ар бир сизден тирбия алган окуучу
Ак ниеттүү иштейт Мекен алдында.

Мына бүгүн элүү жашка толдуңуз,
Жаштарга насаатчы да болдуңуз.
Өрнөк алган мугалимдер бир тобу,
Билим берип улантууда жолуңуз.
Ыр арнадым сизге ак дилден,
Ардагерсиз мугалимдик эмгектен.
Узак жашап агам менен тең карып
Үзүр көрүң уул-кыз небере келинден.



**Адам баласы жашоодо жараткан тагдырга жазганын көрбөй койууга өткөрүп жиберүүгө мүмкүн эмес экен. Ошондой жалгыздыкты баштан кечирип оорунун азаптуу күндөрүн өткөргөн мезгилдерде жазылган ырлар.**

## ЖАЛГЫЗДЫКТАГЫ ЭЛЕС

Алыстан көрүнөт алда неме,
Толкунда, борошодо деңизде
Билинбейт, көрүнбөйт күңүрттөнүп,
Толкунда келе жаткан жалгыз кеме.

Удургуп күчөнүп толкун урат,
Оодарылып алсырап зорго турат.
Адамсыз жалгыз калган кеме
Акынды кыйнап ойго салат.

Жалгыздык жадатып жанга тийип,
Жолго чыгып кайрадан үйгө кирип.
Туманда адашып калган өңдүү
Турамын кеменин кейпин кийип.
*10.11. 1967-жыл*

Капаланып каламын өзүм жалгыз,
Курбуларга барууга турагы алыс.
Кээ күнү эркин куштай учуп жүрсөң
Кээде адам басууга жерде алсыз.

Келишет ойноп күлүп тең туштарым,
Кубанып утурлай мен турамын
Кетеринде артынан улутуна карап коюп,
Көзүмөн жаш кылгырып муңаямын.
*20.05.1966-жылы*

## ООРУП ЖАТКАНДАГЫ ТОЛГОНУУЛАР

*Шакептер ооруканасы*

Такалып тамагыма кылыч мизи,
Жаман ойлор үмүт отун өчүрөт.
Жүрөгүмдү көөдөнүмө сыйдырбай
Жакшы тилек көңүлүмдү өпкүлөйт.

Ооруу азап, узак жатуу алсырап,
Ыксыз кайгы манайымды чөктүрөт.
Жаздын алгач кызгалдактуу гүлүндөй
Жакшы жолдош жашоо күнүн өстүрөт.

Эстен кетпейт жоодураган көздөрүң,
Жүрөк дегдейт мынча неге сагынтат.
Көрүшпөдүк күндөр өтөт арадан
Күтүп сени сезимдерим жанчылат.

Түн. айлана кар, чилде суугу кычырайт,
Уйку качып, палата ичи түнжурайт.
Тээ алыста ак кар баскан адырлар
Көз тунарат элесиндей алыстайт.

Алыстарга сапар кезген адамдай,
Каттар келбей зарыктырып кечиккен.
Ооруп дале жаткандыр деп төшөктө
Жаркыным же чыгардыңбы эсиңден.

Жолугушуу кыш түнүндөй узарып,
Бир көрүүгө чаңкап сени суусадым.
Келчи жаным бир аз гана жаныма
Көңүл чиркин көтөрүлсүн бир азга.

Келип калды тээ кырдагы отуз жаш,
Бүгүнкүбүз эртең жаным кайрылбас
Күнөөлөбө сени сүйүп өткөнгө
Бул турмушта адам болбос жаңылбас.

Туралбаймын аквал начар ооруймун,
Бирок жаным келечектен түңүлбө.
Баягыдай эркелетип мен сени
Жүрүптүрмүн түндө көргөн түшүмдө.

Сен батышта мен чыгышта жашайбыз,
Эсен болсок кол кармашып басарбыз.
Көрүшпөстөн өмүр өксүп жүргөндө
Кезигишип жүрөк черин жазарбыз.

Мен өзүңдү көрбөсөм да азил кеч,
Ак сүйүүмдү сактап өтөм жүрөктө.
Келем жаным мен кайрылып эрте-кеч
Карап жолду кайгы-муңга чөмүлбө.

*12.01.1977-жыл*

## ЭНЕ ДЕМИ

Ооруп жатам мен төшөктө алсырап,
Достор да жок келип калчу ал сурап.
Аарчып коюп, тып-тып тамган көз жашын
Апам байкуш чыкпай жавда олтурат.

Онтоп коюп шыпты тиктейм жалдырап,
Жаш жаныман кайрат кетип шалдырап.
Жүрөгүмдү толкундаткан ойлорду
Жазарымда колум калат калтырап.

Жаман ойлор башымды тумандатып,
Жансыздай каламын кээде катып.
Жарабай керегине Ата Журттун
Атиң өмүр! Кетеби дейм эрте батып.

Жаным сыздап чыдабай кыйналганда,
Жан таслим болуп каларымда.
Шыпаа берди жүрөгүмө эне деми
« - Көзүңдү ач» - деп маңдайымдан сылаганда

*7.10. 1972-жыл*

Адам пендесинин жашоосунда төө көтөрө алгыс оор кайгы мундар болот экен. Бирок жараткан кудайдан сабыр тилеп тообо келтирсен баарын жеңип чыгат экенсин. 1968-жылы 18-августа бир тууган агам Баткенбай 28-жашында Фрунзе (Бишкек) борбор шаарыбыздагы Политехникалык институтунун энергетика факультетинин акыркы курсунда окуп жүрүп капыстан каза тапты. 1970-жылы 10-февралда атам Абдыбап оор жоготууну көтөрө албай 63 жашында көз жумду. Ошондогу жазылган элегиялар.

## БУЛУТТАР

Булуттар-булуттар кайда шашасыңар,
Мага неге көз жаш төгүп карайсыңар.
Муң баскан жүрөгүмө даба болуп
Мен кургурду соороtуп аяйсыңар.

Ээн олтуруп, өзүмдү алаксытам,
Дартымы айтып төбөмдү карап турам.
Тагдырымдын уусун жутуп, ызаланып,
Бир бооруман айрылып, боздоп ыйлайм.

Мен шордуу кимге айтамын күйүтүмдү,
Түбөлүк үздүмбү же үмүтүмдү.
Айткылачы түрмөктөлгөн ак булуттар
Өксүк менен өткөрөмбү өмүрүмдү.

Адамдар таңданып карап турат,
Боору ооруп кээси мени аяп турат.
Кайгымды ушундайда тең бөлүшүп
Булуттар уялаштай болуп турат.

Ак булуттар төбөмдөн алыс кетпей
Армандуу көзүңөрдөн жаш төккүлөчү.
Агаман айрылып жалгыз калдым
Айланайын кайгымды тең бөлгүлөчү.

*25.08.1968-жыл*

Атам менен апам экөө тең беш убак намаз окуп, отуз күн орозо кармаган мусулманчылыктын парздарын так аткарган момун мусулман болсо да, баланын күйүтү күчтүү экен. Экөөнүн агара түшкөн чачтарын, кеч күздөгү жалбырактай өңдөрүнүн көрсары болгонун көрүп ошондо жазылган ырлар.

Өлгөндөргө үлпүлдөтүп шам жакпаса экен,
Эне байкуш зарлап ыйлап жатпаса экен.
Бир боорунан айрылып жалгызсырап
Бир тууганды көздөн жашы акпаса экен.

Адамдар-адамдарды жаш көмбөсө экен.
Адамдар-адамдардын көз жашын көрбөсө экен.
Бир боорлор эр азамат болгон кезде
Жараткан ажыратып койбосо экен.

Көрбөйлү карт эненин көздөн жашын
Көрбөйлү жаш жигиттин өлгөн башын.
Сүйлөй албай алдастап басып турган
Көрсөтпөсүн атанын зарлап калган кезин.

Даракты шагы сынып калбаса экен.
Маңдайга күнү түбөлүк батпаса экен.
Жанаша аккан эки дарыя толкундарда
Түбөлүк бири соолуп калбаса экен.

Жаш өлгөндү азаптанып көмбөйлү,
Тамчы жашын адамдардын көрбөйлү.
Тирүү болсун карыганда пендениң
Тоодой тирек дайым болчу жөлөгү.

*22.081968-жыл*

**Сенин кандай адам экенинди досун аркылуу билет. Баткенбай акемин кыяматтык досу Рыспай Максытов аяш акеме.**

## АРМАН

Дарактардын жалбырагы саргайган,
Жүрөк ооруйт эски бүтпөс жараттан.
Кокусунан мерт кетти деп деп жакынын
Кабар бербе эгер жакшы санасаң.
Табылгыс бир бооруман айрылганмын,
Өксүгөм ичте калган армандарым.
Пендебиз азап тартып жашайбызда
Тагдырдын аргасын биле албадым
Кеч угуп убагында жете албадым
Кайгыдан миң түйшөлүп буркурадым.
Акыркы ирет жашымды тамчылатып
Ардактап топурак да салалбадым.
Дүйнөнүн эң тазасы жаралгандан,
Куралыптыр баа жеткис асыл заттан.
Эмгеги өмүр бою эсте калат
Эртерээк өтсө да, бул ааламдан
Азап чектим айрылып аяш акемен
Өлүм – деген дабасыз дарт, ошол арман

*13.10.1988-жыл*

## АКЫН Ж. МАМЫТОВДУ ЭСКЕРҮҮ

Газетадан кабар окуп кайгырдым,
От жүрөгү муздаптыр деп акындын.
Окуучтөн кырча тиштеп эринди
Барактаймын эң акыркы жыйнагын.

«Жүз жашка тол кылым» - деген тилекте
Ырларына курдуң өлбөс сепилди.
«Аттиң өмүр» мынча неге сараңсың
Элдик акын жашоодон жаш мертинди.

Өтөт өмүр көп жылдарды картайтып,
Поэзияң жашай берет кылымга.
Жылдыз сымал жарк этип өчсөң да
Жокем жашайт ырларынын сабында.

*14.03.1988-жыл*

**Тажибай досум экөөбүздү аталарыбыз достоштурган эле . Ошол үчүн биз аталар достугун улантуучу элек. Бирок досум Тажибайдын өмүрү кыска экен, 53 курагында катуу оорудан сон каза таап калды.**

## ДОС КАДЫРЫ

Дос кадырын билбептирбиз теңтуштарым,
Токмоктошуп заматта жарашып өскөн кезде
Аттин ай кайталангыс кымбаттыгын
Сезбептирбиз балалык баео кезде

Дос кадырын билбептирбиз тентуштарым ,
Дуулдап шапар тээп жүргөн кезде
Бирибизге бирибиз азил сөздөр айтып
Түртүшүп каткырык салган кезде.

Билдикпи дос кадырын тентуштарым,
Капысынан жан досубуз мүрт кеткенде.
Уул- кыз, аяшыбыз, ини - агасына
Копшулуп боздоп ыйлап жаш төккөндө.

Билдикпи, дос кадырын теңтуштарым,
Досубуздун табытын мүйрүбүзгө көтөргөндө
Баштарыбыз шылкыйып кайышып кабыргабыз
Биз мүрзөгө элдер менен жөнөгөндө.

Билдикпи дос кадырын тентуштарым,
Топурап, топурак салган кезде
Мүрзөдөн кайтканда жоктоп ыйлап
Достордон бирөө кемип калган кезде.

**31.10.2000-ж.**

## АТАМЫН МҮРЗӨСҮНДӨГҮ ТОЛГОНУУ

Тизе бүгүп турам ата мүрзөндө,
Көп жыл өттү, келе албадым кечиргин.
Кутула албай көйгөйүнөн турмуштун,
Күйдүм, тондум нечен ирет кертилдим.

Когаландуу мезгилдерге туш келип,
Күнү тууду ыймансыз, жанын саткандын.
Тагдырымдын ызгаарына калсам да,
Кайтпай артка көшөрүп мен кармаштым.

Кошоматчы, жалганчылар сайрандап,
Бийлик, мыйзам тийди алардын колуна.
Өкүмүнө башымды мен ийбедим
Мансапкордун түшсөм дагы торуна.

Куралданып, акыйкаттан, актыктан,
Канга синген адал жолдон кайтпадым.
Кысымга алып арбаса да шайтандай
Көп өмүрдү күрөшүүгө арнадым.

Жашоонун билип кадыр кымбатын,
Турмушума терең карай баштадым.
Тирүүлүктүн мойнундагы парзы экен
Куран окуп, мүрзөңүздө турамын.

*03.04.1988-ж.*

Көп нерселер тукум кууйт экен. Атам Абдыбап өмүр бою областык, райондук деңгээлде эл башкарып, чарбаларга жетекчи болуп, Өткөн Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу эле. Биринчи бөлүктөн атамын ыр түрмөктөрү менен таанышгыңыздар. Мен эмнени айтмакмын, Бабабыз Мамат мударистин кенже кызы Таши эжем чоң кошокчу болгон экен. Бирок убагында кагаз бетине түшүрүлбөптүр. Ошентсе да агасы Ысак Каары-Мураттап Ажы, ааламдан өткөндөгү Ысак абамын ортончу кызы Инаят эжем, Таши эжемин кошогунан үзүндү жаттап алган экен. Ошону тартууладым.

## ЫСАК КААРЫ-МУРАТТАП АКЕМЕ

Ак байбиче энеси,
Пайшамба күнү төрөгөн.
Бүбү Батма бөлөгөн,
Ааламда жакшы атасы
Ак боз бээ сойдурган
Аалымдарды чогултуп,
Атын жакшы койдурган.

Абалкы күндөр барында,
Ажы акем болгон маалында.
Аргымак аты бар эле
Ак арпа салса жокшогон.
Асил окуп молдо акем,
Аптапта куран окуса,
Авазы булбул окшогон.

Мурунку күндөр барында,
Молдо акем бар маалында
Күлүк аты бар эле
Күрүч салса жокшогон
Көркөм окуп молдо акем
Күнүгө куран окуса
Күкүкө доошу окшогон.

*10.1953-ж. 1998-жылы 25-11 көчүрүлүп алынган.*

## ЛИРИКАЛАР

### Ырларым

Ырларым чабыттаган кыялдарым,
Жаштыгым алоолонгон жалындарым.
Дүр этип сезим күйүп толкундантқан,
Көөдөндөгү эң алгачкы махабатым.

Ырларым алга койгон максаттарым,
Кайгырып кээде өксүп жетпей калуум.
Көрөалбас иштен күлүп турган кезде,
Байгеден бир олжону утуп алуум.

Ырларым-кусаланыш сагынарым,
Уктабай түйшүк тарткан санааларым.
Ак шоолам айсыз түндө жетелеген,
Үмүтүм күрөштөгү күч кубатым.

*23.5.1978*

## СҮЙҮҮГӨ

Сүйөм депсиң жөн секетим карындаш,
Сүйүү үчүн көздөн аккан далай жаш,
Сүйүү кумар азаптардан көдөнүңү уулагап.
Сүйүп эгер жалыныңы чача алсаң
Ээрип кетер сууда жаткан кара таш.

Сүйөр элем өмүр бойу жалыныңа өрттөнүп
Жетсең эгер чын сүйүүнүн баркына,
Сүйүү үчүн баарын баштан кечирип,
Махабаттын турсаң эгер антына.

*28.11-1976-ж*

## БОЙРОНДУ ТУУРАП ЖАЗЫЛГАН ЫР

Сүйүүдөн танбаймын жүрөк заада,
Өлүмдүн кучагында жатсам дагы.
Бал тамган эриниң өмүр мага
Өлүмдөн күч,сүйүүңдүн жалындары.

Сүйүүдөн байкуш жүрөк чарчамакпы.
Кысамын көөдөнүмө кумар канбай.
Табышмактуу сырларынды ача аламбы?
Эркелечи жүрөгүмдү алсыратпай.

Кетирчи көөдөндөгү турган дартты,
Берилем дүйнө унутуп сага жаным.
Эрининен күйгүзүп жалын чаччы
Унутулбайт анттары махабаттын.

*13.1. 1972-ж*

## САГА

Калды кеткис жүрөгүмдө сүйүү тагы,
Эрининден сүйгүм келет дагы-дагы.
Канчалык өзүмдү оолок тартсамда
Күйүп чыгат жүрөгүмдөн сүйүү жаңы.

Кылым өтүп, кайрадан жаралсам да,
Кадимкидей бир өзүндү сүйөр элем.
Бул ааламга мени кыйнап келгенсиңби?
Мендей махабаттын өртүнө күйөр белен.

Асмандан нөшөрлөнүп жамгыр төгөр,
От дагы алоолонуп кайра өчөр.
Сага арналган жүрөктөгү махабатым
Ошол бойдон түбөлүккө күйүп өтөр.

**1.3. 1969-ж**

## КЫЯЛ

Жаз жадырап,гүл теремин сүйгөн кызга
Шашыламын гүлдөрдү арноого жүрөгүмдөн.
Колуңдан Кармай турган кез келгенде,
Куюндай тагдырым ажыратты түгөйүмдөн.
Томсоруп ызаланып жашым төгүп,
Жүрөгүмө кеткис кайгы толуп.
Кызыл өң бозоруп өңдөн кетип
Чаңдагы ыргытылган гүлдөй соолуп.
Селт этип көзүмдү ачсам бактын ичи,
Турамын сүйгөн кыздын жолун тосуп.
Байкасам бардык сезим кыял экен
Жал жалым чыга калды күлкү кошуп.

**13.5.1971-ж**

## ӨМҮРЛӨР КҮЙҮП ТУРГАН ЖАЛЫНДАРГА

Өмүрлөр сүйкүм тандай атат,
Өмүрлөр кээде бүркөө күндөй атат.
Жаштыкты махабатты оолактатып,
Билбедим менден алыс ала качат.
Кезикккен өмүрүмдүн жаш-жашымда,
Күйгөнмүн махабаттын жалынында.
Өмүрлөр өрттөнүп жүрөктөрдө,
Өмүрлөр алоолонгон жалындарда.

**10.10.1969-ж**

## АСКЕРДИК КЫЗМАТКА БАРАТКАН АЙЫЛДЫК ТЕҢТУШТАРЫМЫН КЫЗДАРЫНА АРНАЛГАН ЫР

Коштошоордо

Коштошоордо бек кучактап өзүңдү,
Карай албайм жаш куюлган көзүңдү.
Жүрөгүмдү элжиретип мен күткөн
Айтып катуу сүйөмүн деп сөзүңдү.

Бизди аябай поезд жылды созулуп,
Жүрөк кургур дик-дик согуп козголуп.
Акырын сүйүп койсом жүзүңөн
Алма бетиң күйүп кетти от болуп.

Поезд узап барып калдык кыйлага,
Кала бердин колуң булгап суз гана
Кээде бөлүп кайра келип кошулткан
Кандай сүйкүм,сүйүү чиркин адамга.

**23.10 1967-ж**

## ЫРЛАРЫМДА КАЛДЫҢ ТҮБӨЛҮК

Мен сага алгачкы ирет кезиккенде,
Айлана жаз жыттанып турган эле.
Артымы кылчайып карап койсом
Өтүптүр өмүр деген көз ирмемде.



Кайрадан баягыдай гүлдөр өсөт,
Жалбырактар дирилдеп ырын төгөт,
Тан да атты асыл жарым сен кайдасың
Таппадым бүгүнда күндөр өтөт.
Мага жубай болбосоңда өмүрлүк,
Ырларымда кала бердин түбөлүк.
Акыркы ирет жолукканда экөөбүз
Жалбырактар жашын төктү коштошуп.

**7.8 1970-ж**

## КАЙРЫЛУУ

Анда сен гүл элең жытың чачкан,
Магдыратып шарабы жок мас кылган.
Шайыр элең шайдоот элең,шок элең
Мени эңсетип кумардантып умтулткан.

Жүзүн да ак көйнөгүн да апаппак,
Айланада ай нуру да ак эле.
Көөдөнүмү жарып чыга тургандай
Жүрөктөрдө ак сүйүүлөр бар эле.

Жолугушчу ошол түндүн биринде,
Аппак жүзүң эмнегедир суз тартып,
Неден жаздым терс бурулуп сен кеттиң
Мени жаным жалгыздыкка калтырып.

Ызаланып,мен пиликтей түтөдүм,
Ээ жаа бербей алып учат жүрөгүм.
Кокусунан бир кайрылып келер деп
Кээ мезгилде ошол бакта түнөдүм.

Махабатым бүткөн белең жалындап,
Бир жарк этип өчүп калган чагылган.
Келчи жаным тунжуроодон бук болдум
Сүйөйүнчү ай жүзүңөн муң баскан.

Жүрөк кургур бүттү секет эзилип
Күтүү, келбөө ажырашуу кайгыдан.
**18.3 1981-ж**

## ЖҮРӨК СЫРЛАРЫ

Жүрөгүмдө кала берет сырларым
Жазып бүтпөс сен жөнүндө ырларым.
Бул дүйнөдөн канча бакыт тапсанда,
Бирок сенсиз турмушта жок жыргалым.

Жолуктук жадыраган май түнүндө,
Сен гана жалын чачтың жүрөгүмө.
Махабат бүт турпатым бийлеп алып
Дүйнө унуттум мас болуп мен сүйүүгө

Кылт чыгып олпурушкан булуттардан,
Ай болуп сен мага нуруң чачтың.
Сөздөрүң сөздөрүмө бал агызып
Көздөрүмөн көздөрүң кубат алып.

Бул дүйнө төктү мага ырахатын,
Өстүрдү айланама сүйүү багын
Төгүлүп күз айындай берекелүү
Тарта бердим ширесин махабаттын.

Тагдыр экен мен сенден ажырадым,
Айлам куруп уу жуткандай алсырадым.
Согушта жараланган жоокердей
Жардам сурап эсим оол шалдырадым.

Саргарып күзгү гүлдөй ооруп жаттым,
Күндөрүм баштагыдай өтүп жаттын.

Сездирбейм сенден үмүт өчкөндүгүн
Кайгылар өчүң бардай мени бастың.

Карaймын жумушума алымсынбай,
Карагансыйт бардык адам мени сындай.
Өмүрлөр бир кынамда өтүп жатат
Көздөгөн максатым алга жылбайт.

Мен самаган жаздар келет жадырап,
Букет жасап мен кубанып шашамын
Эске түшүп гүл арначу бир убак
Кечке турам гүлүм дагы солуган.
Эми болсо башка кызга жолугам.

Күтүү менен болгон өндүү кесибим.
Күтүп сени өтүп жатат сааттар,
Кезигүүгө тынчым кетип шашамын.
Мезгил болсо кетип барат бейкапар.

Таңдар атса издеп жолго чыгамын.
Жолукпадым сени издеп таппадым,
Жолу болбой куру кол кайткан мергендей,
Арып-чарчап кайра үйгө кайтамын.

Бул турмуштун салты экен го үйлөнүү,
Кайдан табам сенден башка түгөйдү
Кең дүйнөдөн өтүү азап аялсыз
Мен өткөрөм сени күтүп өмүрдү.

Кокусунан түшө калсам оюңа,
Жаш кылгырып кирпигинди нымдарсың.
Жүрөгүңдү зырп-эттирип өткөн кез
Жоолугунду кыз кезиңе булгарсың.
Унутарсың мени кайра заматта
Тирүүлүктүн түйшүктөрүн тартарсың.
**5.5 1972-ж**

## СҮЙҮҮ АРМАНЫ

Арман сүйүү көөдөнүмө сыйбадын,
Сага жетпей кусаланып ыйчадым.
Аргасыздан отко суугa бой таштап
Асыл жанды касын бардай кыйнадын.

Жаздар келип байчечекей гүл ачкан
Жадыраган күн мээрими нур чачкан
Ак жүзүнөн жодураган көзүндөн
Кумар канбай сүйүүчү элем танбастан.

Сага арналган жүрөктөгү махабат,
Сар-санаадан терен батып баратат.
Сакайбаган денемдеги дартка окшоп
Сени эстесем оорум козгойт кайтадан.

**20.10 1988-ж**

## КҮЗДӨГҮ КАЙРЫКТАР

Кусаланып жүрөгүм,
Жүрөм бакты аралап.
Кайран күзда келдиби
Сары жалбырак сабалап.

Биз жөлөнгөн жаш кайын,
Күтүп-күтүп картайган
Жалбырагы күбүлсө
Карегиден жаш тамган.

Көнүл чери жазылбай,
Кайгы-муңдар каптады.
Ачык асман түнөрүп
Жамгыр неге жаабады.

Төкчү жамгыр шолоктоп,
Сүйүүм келер кечиккен.
Арман-мундан арылып
Балким сага кезигем.

**21.11 1995-ж**

## КАРТАЙБАГАН КҮНДӨРГӨ БАРАЛЫБЫ?

Кар астына жашынган гүлүм болдун,
Булуттарга бекинген күнүм болдун.
Колума комуз алсам, миң муңканган
Түгөнбөгөн армандуу күүм болдун.

Кайра келип мага нeге колуң создуң,
Унутулган сезимдерди козгоп койдуң.
Махабаттуу кечтерди ойго салып
Эски обонду ырда деп боздотбогун.

Мурдагыдай гүл-зарларга басалыбы?
Ак сүйүүнүн өртүнө жаналыбы.
Калып калган жүрөктө түбөлүккө
Картайбаган күндөргө баралыбы.

**28.10 1997-ж**

## АЯЛ ЗАТЫ ДАБАСЫҢАР ДАРТЫМА

Каразгөйлөр кылса мага кыянат,
Карбаластап айлам кеткен чагымда
Асыл заадам таянарым жөлөгүм
Аял заты дабасыңар дартыма.

Ат салышкан кырчылдашкан байгеде,
Атым арып мен уттурган убакта.
Көрөалбастар табалашып күлгөндө
Аял заты дабасыңар дартыма.

Көөдөн күйүп,жүрөк сүйүп башкача,
Күнөөкөрдөй башты ийип турганда.
Маанайыңар кызгалдактай ачылып,
Аял заты дабасыңар дартыма.
8.3. 2005-ж

## АТАМ ЖАНА МЕН

Атамдай мен согушка барганым жок,
Душманга ок чыгарып атканым жок.
Ат көтөргүс жүк мойнума жүктөлсө да,
Атамын рухун жер каратып койгонум жок.

Атамдай мен согушка барганым жок,
Алгалап душманга ок атканым жок.
Талкалап гитлердик баскынчыны
Берлинге өрт кечип барганым жок.

Атамдай мен согушка барганым жок,
Ызылдап төбөмдөн өтпөдү ок.
Сыймыктанып,милдетими аткарып,
Төшүмө орден-медал такканым жок.

Кучакташып, жеңишти тосконум жок.
Кубангандан көзүмө жаш алганым жок.
Көөдөнүмү кусалыкка жык жолтуруп
Кайрадан Ата Журтка кайтканым жок.

Атамдай мен согушка барбасамда,
Атуулдук милдетими мен аткардым.
Канчалаган сыноо заман мезгилдерде
Ата журттун күкүм ташын сатпадым.
Мекенимдин башына оор түйшүк келгенде
Эл-жериме кыянаттык кылбадым.
20. 5. 2012-ж

## МАЗМУНУ

Абдываап Маткасым уулу........3
Турмуштук санаттар........19
Абам Ысак каарыга........24
Ата мурасын улап........26
Энеме........27
Эскерем балалыкты........27
Ой толгоо........28
Ырым калат........28
Бул турмушта........29
Күкүм нан........29
Уулума........30
Сактагыла тынчтыкты........31
Белгисиз жоокерлерге........31
Сабы кыска бел күрөк........32
Кесилген карт дарак........33
Ардагер мугалимге........34
Эжекеге........34
Жалгыздыктагы элес........35
Ооруп жаткандагы толгонуулар........36
Эне деми........37
Булуттар........38
Арман........40
Акын ж. Мамытовду эскерүү........40
Дос кадыры........41
Атамын мүрзөсүндөгү толгонуу........41
Ысак каары-мураттап акеме........43
Лирикалар........43
Сүйүүгө........44
Бойронду туурап жазылган ыр........44
Сага........45
Кыял........45
Өмүрлөр күйүп турган жалындарга........46

Аскердик кызматка бараткан айылдык теңтуштарымын кыздарына арналган ыр........ 46
Ырларымда калдың түбөлүк........ 46
Кайрылуу........ 47
Жүрөк сырлары........ 48
Сүйүү арманы........ 50
Күздөгү кайрыктар........ 50
Картайбаган күндөргө баралыбы?........ 51
Аял заты дабасыңар дартыма........ 51
Атам жана мен........ 52

30с.

Абдыбап Маткасым уулу

# Ата мурасы

Редактор: Жакыпбек Акимов
Техн.редактору: Тугельбаев Урмат
Корректору: Бурул Жороева
Компьютердик калыпка салган: Боронбай к. Зирек
Мукабаны жасаган: Карагулова Сайкал

Терүүгө 16. 01. 2015 берилди.Басууга 04.05.15 кол коюлду.
Форматы 60х84. Көлөмү 3,5 басма табак.
Нускасы100 даана

30с.

ЖЧК «Кагаз Ресурстары»басмаканасында
офсеттик ыкма менен басылды.
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү 86
Тел:(3222) 4 69 16
e-mail:kagaz_resurstary@bk.ru



### *Автор жөнүндө*

***Амангелди Абдывапов***

*Кара-Суу районундагы Жоош айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Көп жыл мугалимдик кесипти аркалап, учурда ардагерликке чыгып, чыгармачылыгын улантууда.*

*1997-жылдан бери Кыргызстан улуттук жазуучулар биргигинин мүчөсү.*

*Байбичеси Орунбаева Батма мед айымдык кесипти аркалоодо. Алты уул - кыздын атасы, ондон ашуун уул-кыздардын чоң ата, таятасы.*

## *Прозалык жыйнактары*

| | |
|---|---|
| *"Күн бетинде жүргөн жоокер"* | *1993-жыл* |
| *"Акыркы мечит"* | *1996-жыл* |
| *"Мухит тамчыдан жаралат"* | *1998-жыл* |
| *"Өмүрдөгү издер"* | *2000-жыл* |
| *"Бабаларым баяны "* | *2004-жыл* |
| *"Камай баатыр баяны"* | *2008-жыл* |
| *"Айкөл инсан эле"* | *2009-жыл* |
| *"Атанын буйругу балага парз"* | *2013-жыл* |
| *"Тага журтка таазим"* | *2014-жыл* |